**Пикир**

*Касиеттүү Сулаймандын тоосунан,*
*Жаңырыктан, оргуп чыккан доошунан,*
*Закымдарда ырыс чачкан элимдин,*
*Байыркысы бүгүнкүгө конушкан.*
*Бүгүн мына бүт дүйнөгө кол сунам*
*Үч миң жылдык тарыхым бар Ошумдан.*

# БҮТ ДҮЙНӨГӨ КОЛ СУНАМ КАРТ ТАРЫХТУУ ОШУМДАН

Адамзат коому XXI кылымдын астанасына баш багып турган кез. Ар кандай өзүн урматтаган улут, ушундай өткөөл кырдаалда өткөн тарыхына сереп салып, келечекке үмүт байлап, ишеним артат. Анысыз тирүүлүк айдыңында өнүгүү болбой калышы да мүмкүн. 2000-жылы, кылым тогошор кезенде Ош шаарынын 3000 миң жылдык маарекесин жалпы элдик майрам катары белгилейбиз. Ушунун өзү жакшылыктын жышааны, болочоктун ишенимдүү обологосу.

Индия элинин залкар уулдарынын бири Махатма Гандинин небереси, белгилүү коомдук ишмер Раджмохан Ганди ОшМУдагы жолугушууда: "Улуу Бабур дайыма залкар иштерге белбайлаар алдында Сулайман тоосунун чокусуна чыгып, жан дүйнөсүн тазартып, ушул ишти аткарууга жетерлик кайрат, күч-кубат, көкүрөк толо шыктануу, эргүү толтуруп, сыйынып турчу экен",- деди.

Ушуну угуп, касиеттүү жердин баасын асыл адамдар түшүнөт окшойт деп ой жорудум. Ош жеринин ыйыктыгына болгон рухий ишеним биздин жашоо - койүбүздө жетишпей жаткансыйт.

Албетте, Ош шаарынын байыркылыгын далилдеген архитектуралык деген эстеликтер бүгүнкү күнгө дейре сакталып калбаган менен шаарыбыздын эзелки экендигин далилдеген нечен кылымдын күбөсү болуп, Ак-Буура дарыясы күркүрөп агып, Сулайман тоосу залкайып сыр катып турат.

Биздин заманга чейинки I кылымдан тарта, биздин эранын V-VI кылымдар аралыгында Ош шаары Чыгыш цивилизациясы менен Батыш цивилизациясын байланыштырып турган синтез борбор болгон. Азия мекенимде Фергана өрөөнү "берекелүү жер" деп аталса, ал эми Ош шаары "Фергана өрөөнүнүн бермети" деп аталып келген.

Жогорудагы кыскача ойлордун экскурс чабытына чейин, Оштун 3000 миң жылдык маарекесине карата түзүлгөн идеологиялык концепция бир кыйла комплекстүү болгонун белгилеп, дегеле майрамды татыктуу өткөрүү тууралуу өз ойлорумду шаардын атуулу катары ортого салгым келет.

Ош шаарын өнүктүрбөй туруп, Кыргызстан деген эгемендүү үйүбүз өтө барандуу ийгиликке жетише албай тургандыгы анык. Себеби, Санкт-Петербург шаары орус элинин тарыхында кандай мааниге ээ болсо, Ош шаары жалпы кыргыз эли үчүн ошондой эле мааниге ээ болуп келген.

Бүгүнкү күнү да Ош шаарын илим менен маданияттын, өндүрүштүн өнүккөн кубаттуу борборуна айландыруу зарыл. Анткени республиканын жарымынан көбүн түзгөн Түштүк элинин ар тараптуу жашоо деңгээлин көтөрүү үчүн Ош шаары өтө чоң стратегиялык мааниге ээ.

Петербургдуктар демекчи, алар өз шаарына өзгөчө мамиле жасашат. Шаардын патриоту катары ар кандай адам менен маданияттуу сүйлөшүшөт, тазалыкты, эстеликтерди көздүн карегиндей сакташат.

Бабур султан "Бабур-Намеде", "Оштун абасы таза, шаркырап аккан суусу мол, жагы өтө жаркын... Фергана аймагында жанга жагымдуу, таза абасы боюнча Ошко тең келер бир да шаар жок",- деп жазат.

Бирок азыркы Оштун тазалыгы эч кимди канааттандырбайт. Шаарыбызды таза кармоо ар бирибизге байланыштуу экендигин сезип туруп, кайдыгер карабасак. Шаарыбыз жаркырап туруш үчүн: "Биринчи, өзүң булгаба, экинчи, кимдир бирөө акыр-чикир таштаса алып кой",- деген өтө жөнөкөй принципти туу тутсак, бул маселе кандайдыр бул деңгээлде чечилет эле.

Шаар маданиятын көтөрүү үчүн шаардыктардын өздүк маданиятын жогорулатуу, ушул багытта да ой калчап, иштиктүү аракеттерге өтүү зарыл.

Учурда Ош шаары жаштардын шаарына айланып баратат. Шаардагы 3 университет, бир нече жогорку жана атайын орто билим берүү жайларында миңдеген уул-кыздар билим алышууда. Окунучтүүсү, интеллектуалдуу, маданияттуу жаштардын башын бириктирип, үзгүлтүксүз иштеген жаштар борбору шаарыбызда азыркыче жок. Ал жерде жаштар үчүн дискуссиялык клубдар, ар кандай багыттагы чыгармачыл, маданий кружоктор (эстрадалык, фольклор, тил, драма, бий, поэзия, цирк ж.б.), уул-кыздар үчүн күндөлүк турмуш-тиричиликте зарыл болгон (кол өнөрчүлүк, устачылык, тигүүчүлүк, бычмачылык) турмуш сырларын үйрөтүүчү курстар, ар кандай жолугушуулар, фестивалдар, конкурстар, илимий-техникалык кабинеттер уюштурулса жакшы болмок. Ошондо бүгүн эч нерсеге кызыкпайт деп күнөөлөп жүргөн курдаштарыбыз, ошол борбордон көңүлүндөгү керектөөсүн таап, түз эмес жолдордон баш тартаар беле. Экинчи жагынан борбор аркылуу, Оштун келечектеги жүзү көрүнүп турат эле.

Ошондой эле Оштун 3000 жылдыгына карата өтө жыш маданий - массалык иш аракеттер белгиленип жатат. Менин оюмча, ошондой иш чаралардын сапаттык жагына, тарбиялык маанисине, массалык мүнөзгө ээ болуусуна көңүл бурулушу зарыл. Шаар тургундарын, кыргызстандыктарды өткөн тарыхты урматтай билүүгө үйрөтүү үчүн өз жеринин патриоту катары калыптандыруу максатында, аймак таануу принцибинин негизинде окуучулар менен студенттердин, ар кандай кесиптегилердин арасында "Сен Ош шаарын билесиңби?"- деген темада ар кандай формадагы конкурстарды өткөрүүгө тийишпиз.

Азыркы кезде ар ким көңүлүндө баккан ойлорун айтууга акылуу. Анткени шаардын майрамы-жалпыбыздын жаркын майрамыбыз. Баарыбыз шаарыбыздын жаңы мазмунга, өзгөчө формага ээ болушуна өз салымыбызды кошолу. XXI жүз жылдыкты жаңырган, таза, өнүккөн шаарыбызды тосуп алсак, болочокку кылымда рухий жактан кайра жаралган, байыркы жана жаңыланган Ошубуз кайрадан цивилизациянын чордонуна айлангысы бардыр.

Каныбек ИСАКОВ
ОшМУнун окутуучусу.